# МҮНӨЗДӨМӨ ЖАЗУУ МЕТОДИКАСЫ

Акыркы убактарда класс жетекчи окуучуга мүнөздөмө жазган учурлар өтө сейректеп кетти. Көбүнесе бул кандайдыр бир адаттан тыш окуялар жүз берип, компетенттүү органдар кийлигишкен учурларда талап кылынат.

Класс жетекчи өз тасирлерине жана байкоолоруна таянууга тийиш, о.э. класста иштеп жаткан предметчи мугалимдер менен маектешүү, мүмкүн болгон кырдаалда класстагы окуучулардын пикирин билүү да зарыл.

Класс жетекчи, мындан сырткары, ар түрдүү диагностикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдалана алат.

## Жалпы билим берүүчү мектептин окуучусуна берилүүчү мүнөздөмөнүн болжолдуу түзүмү

***Биринчи вариант***

1. Өнүгүүсү (интеллектуалдык, физикалык, адептик жактан).
2. Окуусу (жөндөмдүүлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү, тырышчаактыгы, натыйжалары).
3. Кызыгуулары (багытталышы, тереңдиги, туруктуулугу, перспективасы).
4. Класс жаматындагы жашоосу (жамааттагы макамы).
5. Жолдошторү жана мугалимдери менен мамилеси.
6. Мүнөзү (моралдык жана эрктик сапаттары).
7. Инсандык багытталышы (ынанымдары, жүрүм-туруму).
8. Ишмердүүлүгү (коомдук пайдалуу, таанып-билүүчүлүк, эмгектик, эс алуучулук).

***Экинчи вариант***

1. Саламаттыгынын абалы.
2. Ата-энесинин социалдык абалы.
3. Үй-бүлөдөгү өз ара мамилелери
4. Темпераментинин тиби.
5. Мүнөзүнүн белгилери.
6. Мүнөзүнүн эрктик белгилери: чечкиндүүлүгү, кайраттуулугу, активдүүлүгү, демилгелүүлүгү, максатка умтулгандыгы, туруктуулугу ж.б.).
7. Уюшумдуулугу (өзүн-өзү көзмөлдөшү, өзүн-өзү башкаруусу, өзүн-өзү сындоосу, тартиптүүлүгү).
8. Эстутумунун өзгөчөлүктөрү, кеби, эмоциялары.
9. Жетишүүсү, интеллектуалдык өнүгүүсү: жакшы көргөн сабактары, жаман көргөн сабактары.
10. Китеп окуу мүнөзү.
11. Эмгекке болгон мамилеси (окуу, физикалык, коомдук пайдалуу, өзүн-өзү тейлөө эмгеги).

12. Топтогу, жамааттагы өз ара мамилелери, жаматтагы абалы.
13. Ата-энесине, мугалимдерге, теңтуштарына болгон мамилеси.
14. Өзүнө болгон мамилеси: сынчыл, ашыра балоо.
15. Класстын, мектептин турмушуна катышуусу.
16. Бош убактысын өткөрүүсү жана окуучу кимдер менен көбүрөөк карым-катышта болору жөнүндө маалымат.
17. Тартипсиздикти көрсөтүүсүнүн типтүү учурлары.
18. Педагогикалык тыянак жана сунуштар.